59

1319

Калыгулдуи (59)

тасли.

КАЛЫГУЛДУН МЕСЕЛИ

Калыгулдун макалын,
Элге айтып чачалы.
Тумандаган сөзү бар
Кайсы бирин билебиз
Билгенин жазып келебиз.
Ушу келген заманды
Билүүчү экен Калыгул
Айткан кеби мына бул
„Жакшы заман келет деп,
Миңдин бири билет деп"
Айтып өткөн Калакең
Андай адам канакен
Касиеттүү жан экен
Эки кылым өткөндө
Как ошондо келер деп
Кан Ормондун кашында
Айтып жүрдү ошондо.
Айтканын кабыл көрбөдү
Ормон баатыр терсеги.
Ушул кезди ойлосок
Айтканы азыр келгени
„Атын баккан азамат
Катын багат дечү эле.
Итин баккан аялдар
Элге жагат дечү эле.
Элге жаккан ал аял
Эрге жагат дечү эле.

Шатыратып күн жааса
Жерге жагат дечү эле.
Жакшы чыккан азамат
Элин билет дечү эле.
Элин билген ал адам
Билим билет дечү эле.
Окуп карап ойлонуп
илим билет дечү эле.
Эчен түрлүү адамдын
Тилин билет дечү эле.
Чыгып турган ал адам
Чынар болот дечү эле.
Чымчык сайрап чыгарга
Булбул конот дечү эле
Түбү жоон тамгалуу
Терек болот дечү эле.
Көлөкөсү көп жанга
Керек болот дечү эле.
Андай адам табылбайт
Кайда болот деп айткан
Ошол чыкса дүйнөгө .
Пайда болот деп айткан.
Тийип турган асманда
Күндөй болот деп айткан
макулуктун баарына
Бирдей болот деп айткан.

Ошол адам ойлосоң
Кимден чыгат деп айткан
Ушул турган калайык
Элден чыгат деп айткан
Алтын кумуш асылдар
Жерден чыгат деп айткан
Ою жетип ойлойбуз
Ошону ким деп сүйлөйбүз.
Акылдуулар аңдайбыз
Ошону ким деп каңдайбыз
Муну мындай таштайбыз
Дагы далай сөзү бар
Бөлөгүнөн баштайбыз.
Текши жерге тегирмен
Жүрүп турат деп айткан
Тегеретип барысын
Билип турат деп айткан
Акыр заман жакындап
Келип калды деп айткан
Бу заманды картымын
Мурункунун артымын
Ичимдеги тартымын
Кайсы бирин теремин
Билгенимче калайык
Минтип айтып беремин.
Оң бетинде калы бар
Ойротто жок киши экен

Ошол айткан кептери
Олуядай киши экен
Калакеңин сөздөрү
Угуп турсак ушу экен.
Кызыл ала кыялар
Кыргый талга уялар
Кийин заман келгенде
Кыз жигитти кубалар
Жашыл ала кыялар
Жагалмай тамга уялар
Жакшы заман келгенде
Жаштар бизди кубалар
Ошол заман келгенде
Уул билбейт атасын
Атасы бербейт батасын
Мен да сенден кемби деп
Салыштырат жотосун.
Кыз билбейт анасын
Анасы билбейт баласын
Мен да сенден кемби деп
Салыштырат данасын.
Жети сууну жердеген
Намысын колдон бербеген,
Казак кыргыз эл деген
Тоо дегенде дегдеген
Баары кейрең эл экен
Ойлоп турсак ошону
Кылган иши бул экен.